DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

*Жекшенбеков А.Т.*

# ТАЛАС ОБЛУСУНУН АЙМАГЫНДА ТУРИЗМ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН КЕЛЕЧЕГИ

*Жекшенбеков А.Т.*

# ПЕРСПЕКТИВЫ РАЗВИТИЯ ТУРИСТИЧЕСКОЙ ОТРАСЛИ НА ТЕРРИТОРИИ ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТИ

*A.T. Jekshenbekov*

# PROSPECTS FOR THE DEVELOPMENT OF THE TOURISM INDUSTRY IN THE TALAS REGION

*УДК: 911.1*

*Макалада аймактагы туризм тармагынын бүгүнкү күндөгү абалына байкоо жүргүзүлүп, көйгөйлөрү жана аларды чечүү маселеси каралат. Талас облусунун экономикасынын өнүгүшүнө туризмдин тийгизген таасири айтылат. Туристтердин эс алуусуна ыңгайлуу жерлердин, тарыхый эстеликтердин таблицасы түзүлүп, учурдагы жана келечектеги туризм тармагынын өнүктүрүү багытында Талас аймагы үчүн кандай иштер жасалуу керектиги тастыкталды. Айрым тарыхый жерлердин аталышы жазылып, туристтерге ылайыктуу тизмек сунушталат. Кыргызстандагы туризм бардык байланыштуу инфраструктуранын өнүгүшүнө түз жана кыйыр таасирин тийгизген социалдык-экономикалык көрүнүш катары каралат. Заманбап туризм транспорттун, социалдык жана тейлөө тармактарынын жогорку деңгээлде өнүгүшүнө негизделген, бул акыр аягында аны экономиканын жогорку кирешелүү тармагына айлантат. Туристтерди тартуу үчүн Талас жергесинде жаратылыш ресурстарына бай болгондуктан, аларды туура пайдаланып, жыл мезгилдерине жараша уюштуруу зарыл. Мисалы: Таластын токою, тоолору, жаратылыш парктары, суулары, көлдөрү, тарыхый-эстеликтери ж.б.*

***Негизги сөздөр:*** *туризм, көл, корук, жаратылыш парктары, тарыхый-архитектура, жер, суу, тоо, токой, экономика.*

*В статье отслеживается текущее состояние туристической отрасли в регионе, обсуждаются проблемы и пути их решения. Влияние туризма на экономическое развитие Таласской области. Составлена таблица туристических достопримечательностей и исторических памятников, подтверждено, что нужно сделать, чтобы Таласская область развивала нынешнюю и будущую туристическую отрасль. Будут названы некоторые исторические места, а туристам будет предложен список. Туризм в Кыргызстане рассматривается как социально-экономическое явление, оказывающее прямое и опосредованное влияние на развитие всей связанной с ним инфраструктуры. Современный туризм базируется на высоком уровне развития транспорта, социальной сферы и сферы услуг, что, в конечном счете, превращает его в высокодоходную отрасль экономики. В Таласе для привлечения туристов поскольку они богаты природными ресурсами, необходимо правильно их использовать и организовывать по сезонам. Например: Таласские леса, горы, природные парки, реки, озера, исторические памятники и.т.д.*

***Ключевые слова:*** *туризм, озера, заповедники, парки, историческая архитектура, земля, вода, горы, лес, экономика.*

*The article tracks the current state of the tourism industry in the region, discusses problems and ways to solve them. The impact of tourism on the economic development of the Talas region. A table of tourist attractions and historical monuments has been compiled, it has been confirmed what needs to be done in order for the Talas region to develop the current and future tourism industry. Some historical sites will be named and a list will be offered to tourists. Tourism in Kyrgyzstan is viewed as a socio-economic phenomenon that has a direct and indirect impact on the development of all related infrastructure. Modern tourism is based on a high level of development of transport, social and service sectors, which ultimately turns it into a highly profitable sector of the economy*

***Key words:*** *tourism, lakes, nature reserves, parks, historical architecture, land, water, mountains, forest, economy.*

**Киришүү.** Бул макалада туризмди өнүктүрүү көйгөйлөрү жана анын Талас облусунун экономикасынын өнүгүшүнө тийгизген таасири каралат. Талас облусунун туризм тармагын өнүктүрүүнүн салыштырма көрсөткүчтөрү талданып, алардын өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлор аныкталып, аймактагы туризм тармагынын ишканалары жана мекемелери көрсөткөн кызматтардын көлөмүн талдоонун негизинде, аймактагы туризм тармагынын өнүгүү деңгээлинин жетишсиз өнүгүшүнүн себептери аныкталды. Изилдөөнүн натыйжалары боюнча, туризм тармагын өркүндөтүү жана өнүктүрүү келечекте Талас облусунун экономикасынын өнүгүшүнө тийгизген таасири боюнча сунуштар айтылып иштер башталды.

Кыргызстандык жарандар негизинен тарыхый жерлерге саякат жасоого, ал эми туристтер көбүнчө Чыңгыз Айтматовдун кичи мекени Шекерге көбүрөөк кызыгышат. «Манастын күмбөзүнө» жылына 120 миңдей адам келет, алардын 5%ын чет элдиктер түзөт. Шекер айылындагы 15 гектар жерге «Чыңгыз Ордо» маданий комплекси салынып, ишке берилсе туристтердин саны жогоруламак.

Талас өрөөнү Кыргызстандагы туристтердин келиши боюнча эң сейрек баруучу аймак. Аны башка аймактардан тоолор бөлүп турат. Талас өрөөнүндө кооздугу жагынан республиканын башка аймактарындагы бир дагы капчыгайдан, көлдөн же бийик тоолуу жайлоодон кем калышпаган табигый жерлери бар. Ошондой эле көрүүгө арзый турган архитекту-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ралык тарыхый курулуштар дагы бар. Талас өрөөнү легендарлуу, жеңилбес баатыр – Манастын туулган жери, ошондой эле Совет доорун эскерип, туристтерди өзүнүн монументалдуулугу менен таң калтырган эң ири айкелдердин бири Киров суу сактагычына барышат. Кызыл китепке кирген канаттуулар жана жаныбарлар жашаган Беш-Таш коругу, ошондой эле Беш-Таш көлү ж.б. табигый кооз жерлер бар. Талас аймагы өзүнүн каада-салтын, даамын жана жашоо образын сактап калган. Талас облусу кыргыз элинин тарыхында табышмактуу көп сырларды сактап келет. Дүйнөлүк тарыхта орду бар 751 жылы «Талас» (Атлах) салгылашуусу өткөн жер. Туризмди өнүктүрүүгө чоң мүмкүнчүлүк.

Туристтик маршруттарга Көк-Ой айылынын түндүк тарабындагы Кулан-Корук менен Терек-Сайдагы аскаларга жазылган Согди жазууларын да кошуп коюу керек.

**Айлана-чөйрөнүн абалына мониторинг жүргүзүү.** Айлана-чөйрөгө жогорку деңгээлде мамиле жасоого, жаратылыш ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга илимий жана тажрыйбалык жактан жакшынакай жол салып чечкиндүү аракеттерди жасообуз зарыл. Жандуу жаратылышка зыян кылып, ошону менен элдерди, жалпы адамзатты жоголуу коркунучуна камап жаткандардын жетегинде калбашыбыз керек. Ошондуктан баардык жоопкерчилик менен мамлекетибиздин, анын ичинен Талас өрөөнүбүздөгү Кызыл китепке кирген сейрек кездешүүчү өсүмдүктөр жана жаныбарлардын түрлөрүн, жоготуп алуудан сактообуз керек, дүйнө жүзүндөгү биологиялык ар түрдүүлүктү коргоого үйрөнүшүбүз зарыл, анткени табигатта ашыкча түрлөр жок. Баардыгыбыз биримдикте иштесек өзүбүздүн айлана-чөйрөбүзгө этияттык менен мамиле кылып, өз жаныбыздай көрсөк, биздин салымыбыз жакшы түрткү болмок.

**Коруктар** – бул аймакта эч кандай чарбачылык иш-аракеттерди (мал жаюу, чөп оруу,аңчылык, балык улоо ж.б.у.с.) жүргүзүүгө болбойт. **Жаратылыш парктары** – аймактын бир бөлүгү катуу көзөмөлгө алынган, ал эми башка бөлүгүнө белгилүү эрежелерди (ызы-чуу салбоо, таштанды калтырбоо, гүлдөрдү үзбөө ж.б.у.с.) сөзсүз сактаган кардарлар кирсе болот. Чектелген жерлерде гана мал жаюуга жол берилет. **Жаратылыш эстеликтери же геологиялык корукчалар** – чоң илимий, маданий жана тарыхый баалуулукка ээ болгон географиялык объектилер (үңкүрлөр, шаркыратмалар,аскалар, тоолор, каньондор, илгерки кен чыккан жерлер ж.б.у.с.).

**Беш-Таш жаратылыш паркы** - 1996-жылы Түндүк-Батыш Кыргызстандын табигый комплексин жана биологиялык көп түрдүүлүгүн коргоо максатында уюшулган. Парк Талас өрөөнүндө, Талас Алатоосунун түндүк капталынын борбордук бөлүгүн ээлейт. Парктын аянты 32411 *га.* Аймагында татаал өсүмдүктөрдүн 800дөн ашык түрү кездешет, а. и. 28 түрү токой менен бадалдар. Жаныбарлары: элик, түлкү, суусар, арыс, чил, илбирс, түркстан сүлөөсүнү, кумай, ителги, көк жору, балта жутар ж.б. кездешет. Бешташ дарыясында жилингир байыр алган. Ушул эле жерде Манастын атына байланыштуу жайлар бар. Табият паркында жакынкы жылдарда калктын жана чет элдик туристтердин эс алуусу уюштурулган. Бирок, эс алуучулардын, айрыкча чет элдик туристтердин саны азырынча чектелүү.

**<u>Талас заказниги</u>** – Талас Алатоосунун түндүк капталында, Карабуура, Күмүштак, Үрмарал сууларынын алабын ээлейт. Аянты 130,0 миң *га.* Тоо эчки, улар, кекилик ж.б. коргоо жана көбөйтүү максатында 1973-жылы уюшулган.

**<u>Шилбилисай заказниги</u>** – Карабуура районундагы мамлекеттик ботаникалык заказник. Талас Алатоосунун түндүк капталында, Шилбилисай суусунун (Карабууранын куймасы) алабында. Аянты 100 *га.* Чекенде өсүмдүгүнүн табигый шартта жакшы өсүп жана көбөйүп жаткан ареалдарын коргоо максатында 1980-жылы уюшулган.

**<u>Маймак заказниги</u>** – Карабуура районундагы мамлекеттик ботаникалык заказник. Маймак темир жол бекетинин жанында. Аянты 40 *га.* Кыргыз Республиканын Кызыл китебине кирген кауфман жоогазыны табигый шартта жакшы өсүп жана көбөйүп жаткан ареалын коргоо максатында 1980-ж. уюшулган.

**<u>Карабуура заказниги</u>** – Карабуура районундагы мамлекеттик аңчылык заказниги. Талас Алатоосунун түндүк капталында, Аташ-чапкан, Кашкасуу, Тандыр сууларынын алабын ээлейт. Аянты 15,0 миң *га.* Азайып бараткан элик, тоо эчки, суур жана Кыргызстандын Кызыл китебине кирген аркар-кулжаны коргоо жана көбөйтүү максатында 1976-жылы уюшулган.

| **Аталышы, уюшулган жылы** | **Жайгашкан орду** | **Коруктун мүнөздөмөсү** | **Жалпы аянты** |
|---|---|---|---|
| Киров мамлекеттик аңчылык корукчасы,6.11.1975 Кыргыз ССРинин Мин.Сов. токтому №567 | Талас областы, Кара-Буура району | Аркар, элик, тоо эчкиси | 28674 |
| Шилбили-Сай мамлекеттик ботаникалык корукчасы, 6.11.1975 Кыргыз ССРинин Мин.Сов. токтому №567 | Талас областы, Кара-Буура району | Чекенде | 150 |

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



| | | | |
|---|---|---|---|
| Маймак мамлекеттик ботаникалык корукчасы, 6.11.1975 Кыргыз ССРинин Мин.Сов. токтому №567 | Талас областы, Кара-Буура району | Кауфман мандалагы өсүүчү аймак | 60 |

**Транспорт тармагы.** Автобус менен саякаттоо эң ыңгайлуу жана үнөмдүү. Бишкектен Таласка баруу 350 сомдон башталат, болжолу 5 доллар. Түз автобус каттамдары 6:30дан кечки 19:00 чейин кетет. Ал эми Таластан Кыргызстандын ичине жеке унаа каттамдары тынымсыз жүрүп турат. **Ат үстүндө саякат**, дарылык каситке ээ болгон эс алуу жайлары, куш таптоо, альпинизм жана трекинг, маданий-тарыхый жерлери, балык улоо. Тоолорго чыгып чыныгы илбирсти же аркарды, каманды, коенду, кашкулакты ж.б. көрүүгө мүмкүнчүлүк бар. Аймакта көптөгөн ар кандай жаныбарлар бар, аларды лицензия алгандан кийин байкоо же аңчылык кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болосуз. Аңчылык мезгилинде жапайы каманга, тоо кушуна же кекиликке барууга болот - мындай турларды жергиликтүү «Үч-Кошой», «Беш-Таш» жана «Узун-Акмат» мергенчилик чарбалары уюштурат. Тейлөө тармагы

**Талас облусундагы тарыхый жерлердин таблицасы А.Жекшенбеков**

| № | Тарыхый жерлердин аталышы | Убактысы, жылы | Азыркы жайгашкан орду |
|---|---|---|---|
| 1. | Манастын күмбөзү | 14-кылымга таандык | Талас району Таш-Арык айылы |
| 2. | Миң-Булак шаары. Батыш Түрк каганынын борбору | 7-кылымга таандык | Бакай-Ата району Миң-Булак а. |
| 3. | Талас салгылашы, Карлуктар менен арабдар биригип Атлах шаарында Кытай армияны талкалаган жер | 751-жыл | Азыркы Кара-Буура аймагында жайгашкан |
| 4. | Текабкед шаарындагы Күкүрт чыгарган жер | 1 кылым мурун | Манас р. Ылды айылы |
| 5. | Шекер айылы Ч.Айтматовдун чыгармаларынын болуп өткөн аймактары | 1 кылым мурун | Кара-Буура району Шекер айылы |

**Жыйынтыктоо: Ички туризмди өнүктүрүүгө салым кошо турган аймактарды сунуштайбыз.** «Талас салгылашуусу» деп аталып, дүйнөлүк тарыхта таанылган аянт Талас облусунда жайгашкан. Бул тарыхый жерге да туристтер абдан кызыгат.Тарыхый окуялар Түрк элдеринин ислам динине өтүшүнө жол салган. XIX кылымдагы Немис калкынын тарыхы – бул дагы чоң туризмдин башаты.

Долоно айыл өкмөтүндөгү көмүр кени, Көпүрө-Базар айылындагы зоо музейи, ак кайың токою, Шекер айылындагы музейлер,тарыхый аймактар, Ылды айылындагы күкүрт кени байыркы жазуулар кездешет, үңкүрдүн тереңдиги болжолу 60 м, Көк-Кашат айылындагы коргошун казылган үңкүр, Киров суу сактагычы ж.б.

**Адабияттар:**


1. Алиев З., Байгуттиев С. Таласская долина «Природные условия, ресурсы и их рациональное использование, охрана» 2011 г.
2. Кенжетаева Ж. "Эркин тоо" гезити, 01.03.2016-ж.
3. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы: 6-том. Башкы редактору Асанов Ү.А. 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014-ж.
4. Постановление Правительства КР №87 от 07.02.2009 г., №125 от 12.07.2010 г., и №405 от 25.07.2011 г.
5. Самарцев С.Е., Хлыстова Я.Г. Эколого-культурный туризм: технологии и опыт организации.В: Экологический туризм на пути в Росиию.
6. Мурат кызы Н. Оценка природной геосистемы для организации культурно-познавательного туризма в Таласской области. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 12. С. 70-74.
7. Сарсеитова А.Ш Туристические объекты Таласской области. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 2. С. 81-85.